**ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасынын кезектүү отурумунун**

# №6 ПРОТОКОЛУ

**2026-жылдын 30-январы**

*Өтүлүүчү жай: Ош ш., ЭАМФ, АГНФ кафедрасы, 108-окутуучулар каанасы*

1. Төрага –Джолдубаев С.Дж.
2. Катчы – Ташимбетова Ү.К.
3. Катышкандар: 21
4. Катышпагандар: 0

## Күн тартибинде:

1. **Кышкы сессиянын жыйынтыктары (SWOT анализ) жөнүндө (Жооптуу: дисциплина башчылары);**
2. **Кафедранын дисциплиналары боюнча АКЖ жөнүндө (Жооптуу: З.Тойчиева);**
3. **2025-2026-окуу жылынын I жарым жылдыгы үчүн окутуучулардын аткарган иштеринин эсеп-кысабын тапшыруусу жөнүндө (Жооптуу: ПО курамы);**
4. **2025-2026-окуу жылынын I жарым жылдыгы үчүн окуу-усулдук кеңешинин, тарбия иштерине, студенттик илимий ийримдин, кафедранын эл аралык байланыштары боюнча жооптуулардын эсеп-кысаптары жөнүндө (Жооптуу: К.Максимова, Манас к.У., С.Бакиров, Орозбек у.Т.);**
5. **2025-2026-окуу жылынын I жарым жылдыгында кафедранын аткарган иштеринин эсеп-кысабын бекитүү жөнүндө (Жооптуу: З.Тойчиева);**
6. **Календардык окуу жылы үчүн илимий-изилдөө иштери боюнча иш планын бекитүү жөнүндө (Жооптуу: А.Аргынбаева);**
7. **Ар түрдүү маселелер.**

**Угулду. Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев сөзгө чыгып,** ПО курамды күн тартиби менен тааныштырып өттү. С.Дж.Джолдубаев 1-маселе боюнча маалыматты берүү үчүн дисциплина башчыларына сөз берди.

**Угулду 1.1. ОХТА дисциплина башчысы М.К.Нуруев сөзгө чыкты:** "Декабрь айында кышкы кабыл алуунун 2-курсунун студенттерине болуп өткөн кан тамырлардын жана нервдердин клиникалык анатомиясы предметинен сынактын жыйынтыгы боюнча сапаттык көрсөткүч 82.2 %, ал эми абсолюттук көрсөткүч 86.7% түздү. Ал эми ОХТА предмети боюнча жайкы кабыл алуунун 2-курстарынын студенттерине сынак 12-январда болуп өттү. Анда сапаттык көрсөткүч 48.25 %, ал эми абсолюттук көрсөткүч 77.15% түздү. Быйылкы көрсөткүчтөр былтыркы окуу жылына караганда жогору болду",- деп билдирди.

**Угулду 1.2. Нормалдуу физиология дисциплина башчысы Т.Р.Пайзилдаев сөзгө чыгып,** физиология предметинен сынак 19-январда болгондугун, анда студенттердин катышуусу жакшы болуп, сапаттык көрсөткүч 81.61%, абсолюттук көрсөткүч болсо 94.5% болгондугун айтты. Бул жакшы көрсөткүчтөрдүн себеби болуп предметниктер тарабынан тесттик суроолор студенттерге алдын ала берилгендигин кошумчалап кетти. **Угулду. 2-маселе боюнча кафедранын завучу З.Ж.Тойчиева сөзгө чыкты:** "Саламатсыздарбы! Кафедранын дисциплиналары боюнча академиялык карыздарды жоюу боюнча айта кетсем, январь айында болуп өткөн ОХТА жана физиология предметтеринен график боюнча 2-курстун студенттери үчүн кайра тапшыруу 9-февралда башталат. Ал эми

Сканировано с CamScanner

былтыркы окуу жылында анатомия, ОХТА, физиология жана гистология предметтеринен АКЖга калган 2-3-курстун студенттери үчүн деканат тарабынан группалар түзүлүп, билдирүү берилип, алар кайрадан предметтер боюнча сабактарга катышып, кайра тапшыруу уюштурулуп, өткөрүлөт"-деп маалымат берди.

**Угулду. 3-маселе кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев** 2025-2026-окуу жылынын I жарым жылдыгы үчүн окутуучуларга алардын аткарган иштеринин эсеп-кысабын тапшыруу үчүн сөз берди. Окутуучулар кезек-кезеги менен натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрүн ишке ашыруу планы - KPI боюнча эсеп-кысаптарын беришти. Анда алардын жүргүзүп жаткан окуу-методикалык, илимий-изилдөө жана тарбия иштери, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк, квалификацияны жана тил билүү деңгээлин жогорулатуу курстары боюнча маалыматтар камтылды.

**Угулду. Сөзгө чыккандар: 4.1. Кафедранын окуу-усулдук кеңешинин төрайымы К.З.Максимова сөзгө чыкты:** "Саламатсыздарбы! Биздин кафедрада быйылкы окуу жылдын I жарым жылдыгында аткарылган иштер жөнүндө айта кетейин. 2025-жылдын декабрь айында С.Дж.Джолдубаевдин М.К.Нуруев менен биргеликте иштеп чыккан "Topography of the upper, lower limbs and internal organs in tables and schemes", "The nervous system" окуу куралдары жарык көрүп, "ОшМУнун заманбап окуу басылмасы - 2026" аттуу конкурсуна сунушталды, конкурста алдыңкы орунду багындырат деп ишенебиз. Ачык сабактардын декадасына график бекитилди, буйруса февраль айында башталат. Ал эми ПО курамдын сабактарга өз ара катышуусу бекитилген график боюнча уланууда. Квалификацияны жогорулатуу боюнча 4 окутуучу педагогика жана психология курсун окуп, сертификаттарга ээ болушту. Андан тышкары декабрь айында 3 окутуучу "Медициналык-биологиялык илимдердин жана билим берүүнүн актуалдуу маселелери" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда илимий докладдарын окушту. А.Эргешова ноябрда Бишкектен гипертермия боюнча окуп келди, кечээ КГМАда болуп өткөн тегерек столдо доклад окуду. Доцент Н.М.Ташматова 19-январда Андижан шаарындагы Кокон филиалына иш сапары менен барып, 2-курстун студенттерине гистология предметинен "Жүрөк-кан тамыр системасы" деген темада конок лекция окуп келди",-деп сөзүн жыйынтыктады.

**Угулду 4.2. Кафедранын тарбия иштери боюнча жооптуусу Манас кызы Уулканга сөз берилди**. Ал кураторлордун жүргүзүп жаткан иштери жана өткөрүлгөн куратордук сааттары тууралуу маалымат берди. Манас кызы Уулкан окутуучуларга мындан ары да куратордук тайпалары менен тыгыз байланышта болуп, аларды көзөмөлдөп туруусун өтүнүп кетти.

**Угулду 4.3. Студенттик илимий ийримдин жетекчиси С.Бакиров сөзгө чыкты:** "Саламатсыздарбы! Доцентибиз Н.Ташматованын илимий жетекчилиги астында ЛКУ-24 тайпасынын студенттери ВММУда өткөн конкурстарда ийгилик жаратканы жөнүндө маалымат берейин. Гистологиялык көркөм сүрөт сынагынан Гүлзада Бекстаева 2-орунду багындырды. "Медициналык-биологиялык илимдердин жана билим берүүнүн актуалдуу маселелери" аттуу конференциясынан Жеңишбек кызы Айназик 3-даражадагы дипломго ээ болду, ал эми Макарова Радость 14-ноябрында «Тамак сиңирүү системасы» деген гистология боюнча эл аралык онлайн олимпиадага» активдүү катышкандыгы үчүн сертификатка ээ болду",-деп сөзүн жыйынтыктады.

**Угулду 4.4. Кафедранын эл аралык байланыштары боюнча жооптуу Орозбек уулу Турсун сөзгө чыкты:** "Саламатсыздарбы! Бул окуу жылында академиялык мобилдүүлүк боюнча сентябрь айында З.Тойчиева КГМАга барып келди. Январь айында болсо Э.С.Байгашкаев Түркия Республикасындагы Чанаккале Онсекиз Март университетинин медицина факультетинин патология кафедрасында жана Т.Р.Пайзилдаев

Сканировано с CamScanner

Индия Республикасындагы IIMT Life Line клиникасынын базасында илимий-изилдөө стажировкасын өтөп келишти", - деп сөзүн маалымдады.

**Угулду. 5-маселе боюнча кафедранын илимий-изилдөө иштерине жооптуу доцент А.Т.Аргынбаева сөзгө чыгып**, календардык 2026-жылы үчүн илимий-изилдөө иштери боюнча түзүлгөн иш планы менен тааныштырып өттү жана аны бекитүүгө сунуштады.

**Угулду. 6-маселе боюнча кафедранын завучу З.Ж.Тойчиева сөзгө чыгып.** кафедранын 2025-2026-окуу жылынын I жарым жылдыгында аткарган иштерине баяндама жасап, эсеп-кысабын берди.

**Угулду 7. Ар түрдүү маселе боюнча кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев** окутуучулардан электрондук журналдарын өз убагында толтурушун талап кылды.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, айтылган сунуштарды эске алуу менен анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасынан төмөнкүдөй токтом кылынсын

## Токтом кылат:

1. **Кышкы сессиянын жыйынтыктары (SWOT анализ) жарактуу деп табылсын.**
2. **Кафедранын дисциплиналары боюнча АКЖ график боюнча өткөрүлсүн.**
3. **2025-2026-окуу жылынын I жарым жылдыгы үчүн окутуучулардын аткарган иштеринин эсеп-кысабы канааттандырарлык деп эсептелсин.**
4. **2025-2026-окуу жылынын I жарым жылдыгы үчүн окуу-усулдук кеңешинин, тарбия иштерине, студенттик илимий ийримдин, кафедранын эл аралык байланыштары боюнча жооптуулардын эсеп-кысаптары канааттандырарлык деп табылсын.**
5. **2025-2026-окуу жылынын I жарым жылдыгы үчүн кафедранын аткарган иштеринин эсеп-кысабы канааттандырарлык деп табылсын.**
6. **Календардык окуу жылы үчүн илимий-изилдөө иштери боюнча иш планы бекитилсин.**
7. **Электрондук журналдар өз убагында толтурулсун.**

**Төрага:** **С.Дж.Джолдубаев**

**Катчы:** **Ү.К.Ташимбетова**

Сканировано с CamScanner

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Эл аралык медицина факультети**
**анатомия, гистология жана нормалдуу физиология**
**кафедрасынын кезектүү отуруму**

2026.30.01.

## КАТЫШУУ БАРАКЧАСЫ

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Джолдубаев Сагынбек Джаркынбаевич | Кафедра башчысы, м.и.к., доцент | | |
| 2 | Аргынбаева Акмарал Турдалыевна | Б.и.к., доцент | | |
| 3 | Тороев Дурусбек Исанович | Улук окутуучу | | |
| 4 | Нуруев Мирлан Камалович | Улук окутуучу | | |
| 5 | Асанбек кызы Канымгул | Улук окутуучу | | |
| 6 | Пайзилдаев Тимур Рашидинович | Улук окутуучу | | |
| 7 | Алимбекова Айпери Алимбековна | Окутуучу | | |
| 8 | Арапов Алимбек Замирович | Ассистент-стажер | | |
| 9 | Ашимов Урмат Арстанбекович | Окутуучу | | |
| 10 | Байгашкаев Эртегин Сапарбекович | Окутуучу | | |
| 11 | Бакиров Санжар Бакирович | Окутуучу | | |
| 12 | Киргизбаева Умида | Окутуучу | | |
| 13 | Максимова Канышай Заирновна | Окутуучу | | |
| 14 | Манас кызы Уулкан | Окутуучу | | |
| 15 | Орозбек уулу Турсунбек | Окутуучу | | |
| 16 | Ташимбетова Умут Капаровна | Окутуучу | | |
| 17 | Тойчиева Зарина Жамалдиновна | Окутуучу | | |
| 18 | Эргешова Аида Масалбековна | Окутуучу | | |
| 19 | Шералиева Самара Ибраимовна | Методист | | |
| 20 | Кубанычбек кызы Асел | Лаборант | | |
| 21 | Сонунбек кызы Бубусара | Улук лаборант | | |

Сканировано с CamScanner